Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
жыйынында каралды, протокол № 5
31 01 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов ат. ЖАМУнун ректору
К.Ж.Усенов
2025-ж.

# "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси" мекемесинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1.1. Ушул "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси" мекемесинде билим берүү ишин лицензиялоо тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - ЖАМУ) университетте билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензияларды берүүнүн, кайра тариздөөнүн, таануунун, токтотуп туруунун, кайра калыбына келтирүүнүн жана жокко чыгаруунун (мындан ары - лицензия) тартибин регламенттейт.

1.2. Университеттин түзүмдөрү билим берүү багыттары боюнча билим берүүнү ишке ашыруу үчүн ушул Жобого ылайык лицензия алууга милдеттүү.

**Университеттин түзүмдөрү** кафедралар, предметтик циклдик комиссиялар, адистердин квалификациясын жогорулатуу институту, мектептер, ж.б.у.с. билим берүүнү ишке ашырып жаткан түзүмдөр;

**Билим берүү багыттары** - окутуунун формасына (күндүзгү, сырттан, күндүзгү сырттан (кечки), онлайн) карабастан билим берүүнүн бардык багыттары/адистиктери боюнча башталгыч, орто, жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программалары;

1.3. Ушул Жобого ылайык билим берүү багыттарына берилген лицензиялар ЖАМУнун лицензия реестрине катталат жана аларга тастыктоочу атайын университеттик үлгүдөгү документ берилет.

1.4. ЖАМУда билим берүү программаларын мөөнөтсүз лицензиялоо үчүн төмөнкүлөр каралат:

- Билим берүү стандарты (мамлекеттик же ЖАМУда иштелипчыгып, бекитилген);
- Билим берүү стандарты жана негизги/кесиптик билим берүү программасы иштелип чыгып, бекитиле элек учурда ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген эксперименталдык окуу планы жана/же окуу планы;
- Толтурулган лицензиялык 1–5 формалар (мындан сырткары медициналык жана диний багыттар үчүн 6-форма).

1.5. Билим берүү ишин лицензиялоо жол-жоболорун уюштуруу жана өткөрүү, лицензиялоо боюнча эксперттик топтун ишин координациялоо жана ушул Жобого ылайык лицензиялардын реестринде каттоо Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү (мындан ары - ЛАББСБ) тарабынан жүзөгө ашырылат.

1.6 Эксперттик топ ушул жобонун жана "Кыргыз Республикасынын иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жобосунун" негизинде иш жүргүзөт жана эксперттик корутундуну даярдайт (7-12-тиркеме).

1.7. Лицензияларды берүү, баш тартуу, токтото туруу, жокко чыгаруу же кайтарып алуу боюнча сунуштар ЖАМУнун Лицензиялык кеңеши тарабынан иштелип чыгат жана

Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизилет. Кабыл алынган чечимдер ректордун буйругу менен бекитилет.

1.8. ЖАМУда билим берүү ишин лицензиялоо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы № 654 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине мамлекеттик жогорку окуу жайларына өзгөчө статус берүү боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомунун, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын, ЖАМУнун “Лицензиялык кеңеш жөнүндө”, “Билим берүү стандарттарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндө”, “Эксперименталдык окуу пландарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндө”, “Негизги жана кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндө”, “Билим берүү ишин лицензиялоого байланышкан документтерди сактоо жана берүү эрежелери”, “Билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүү жөнүндө” жоболорунун жана ушул Жобонун негизинде жүргүзүлөт.

**2. Билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби**

**2.1. Лицензиялык кеңештин ишмердиги**

2.1.1. Лицензиялык кеңеш (мындан ары - ЛК) лицензияларды берүү, баш тартуу, токтото туруу, жокко чыгаруу, ошондой эле билим берүү ишинин лицензиялык талаптарга ылайык келүүсү боюнча сунуштарды даярдайт. Чечимдер университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат жана ректордун буйругу менен бекитилет.

2.1.2. ЛК төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат:

- лицензиялык талаптардын аткарылышын талдоо, бүтүмчыгаруу;
- лицензия берүү;
- лицензия берүүдөн баш тартуу;
- лицензияны токтотуу, жокко чыгаруу.

2.1.3. ЛК билим берүү ишин лицензиялоо боюнча түшкөн өтүнмө боюнча ушул Жобого ылайык лицензиялык талаптардын аткарылышына талдоо жүргүзөт, билим берүү ишине лицензия берүүже лицензия берүүдөн баш тартуу деген чечим менен бүтүм чыгарыпберет.

ЛК билим берүү ишин лицензиялоо боюнча келип түшкөн арыздын негизинде ушул Жобого ылайык лицензиялык талаптардын аткарылышына талдоо жүргүзөт, билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берет же лицензия берүүдөн баш тартуу жөнүндөгү чечим менен бүтүм чыгарып берет.

**2.2. Лицензиялоо иштерин жүргүзгөн түзүмдүн ишмердиги**

2.2.1. Билим берүү ишин лицензиялоону уюштуруу, жүргүзүү, лицензияларды реестрге каттоо университеттин Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү (мындан ары - ЛАББСБ) тарабынан жүргүзүлөт.

2.2.2. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн милдеттерине жана ыйгарымукуктарына төмөнкүлөр кирет:

- Лицензиялоо боюнча документ жүгүртүүнү (лицензиялоо боюнча эксперттик топтун курамы, документтердин пакетинин болушу жөнүндө) камсыздоо жана түп нускасын тиешелүү тартипке ылайык сакталышын камсыздоо;
- ЛК чечиминин негизинде лицензияларды мөөнөтүнөн мурда чакыртып алуу жол-жоболорун уюштуруу;

- лицензия берүү тартибин жүзөгө ашыруу;
- ЖАМУда билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензиялардын реестрин түзүү жана жүргүзүү (тиешелүү маалыматтарды каттоо жана өз убагында киргизүү);
- ЖАМУнун лицензиялык билим берүү ишин жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу атайын электрондук порталдын үзгүлтүксүз маалыматтык мазмунун ишке ашыруу;

2.2.3. ЛАББСБ лицензиялоого байланыштуу документтерин түп нускасын "ЖАМУда билим берүү ишин лицензиялоого байланышкан документтерди сактоо жана берүү эрежелери" жөнүндөгү жобого ылайык сактайт.

**2.3. Билим берүү багытын лицензиялоонун тартиби жанашарттары**

2.3.1. Билим берүү багытына лицензия алуу үчүн төмөнкүдокументтер талап кылынат:

1) Ушул Жобонун 1-тиркемесиндеги электрондук формада жана кагаз түрүндө толтурулган лицензия алууга арыз. Арызга лицензиянын расмий өтүнмө ээси (мындан ары - арыз берүүчү) болуп саналган билим берүү ишин жүзөгө ашыруучу түзүмдүн жетекчиси кол коюуга тийиш.

2) ББПнын мамлекеттик билим берүү стандарты же ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген билим берүү стандарты.

3) Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген билим берүү программасынын окуу планы же эксперименталдык окуу планы.

4) ЖАМУнун административдик-чарбалык иштер боюнча проректорунун кол тамгасы менен күбөлөндүрүлгөн, сыйымдуулук ченемдерине ылайык келген жайларды берүү жөнүндө, ошондой эле саламаттыкты сактоо, коргоо, өрт коопсуздугу, жарандык-укуктук коргоо жаатындагы жана башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын корутундуларынын бар экендиги жөнүндө маалыматтар. Тактап айтканда, төмөнкүлөр көрсөтүлүүсү зарыл:

- саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын билдирилген билим берүү программаларына ылайык билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон имараттардын, жайлардын жана курулмалардын санитардык ченемдерге жана эрежелерге ылайык келүүсү жөнүндө корутундусу;

- жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу, мамлекеттик материалдык резервдин системасын башкаруу, өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын билдирилген билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон имараттардын, жайлардын жана курулмалардын өрт коопсуздугунун талаптарынын librсакталышы жөнүндө корутундусу;

5) маалыматтар:

- билдирилген билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин материалдык-техникалык камсыздоо жөнүндө ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын билим алуусу үчүн атайын шарттардын болушу жөнүндө ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык форма боюнча;

- билдирилген билим берүү программалары боюнча билим берүү ишинин кадрлар менен камсыздалышы жөнүндө ушул Жобонун 4-тиркемесине ылайык форма боюнча.

Башталгыч, негизги, орто жалпы билим берүү, башталгыч, орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашырууга лицензия алууда арыз ээсинде педагогикалык кызматкерлердин билими тууралуу документинин жана эмгек китепчесинин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн тиркөө менен биринчи жылга билим берүү ишин жүзөгө ашырууга эмгек келишимин түзүүгө жазуу жүзүндөгү макулдугу болушу керек.

- арыз ээси билим берүү ишин кийинки курстарга жүзөгө ашырууну пландаган учурда педагогикалык кызматкерлердин да бул жылдарга жазуу жүзүндөгү макулдугу керек;

- билдирилген билим берүү программалары боюнча билим берүү ишинин окуу-методикалык камсыздалышы жөнүндө ушул Жобонун 5-тиркемесине ылайык форма боюнча;

Макулдашуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ушул Жобонун 6-тиркемесине ылайык форма боюнча төмөнкүлөр боюнча корутундусу:

- дин иштери боюнча - диний уюмдардын (бирикмелердин) билим берүү программасынын мазмунунда бир диндин экинчисинен артыкчылыгын пропагандалоонун, диндерди сындоонун, этностор аралык жана конфессиялар аралык кастыкка, радикализмге, экстремизмге чакыруунун жоктугу, билим берүү ишин кадрдык жана окуу-методикалык камсыз кылуу боюнча;

- саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө медициналык жана фармацевтикалык кадрларды даярдоо, клиникалык базанын ушул Жободо белгиленген талаптарга ылайык келүүсү жөнүндө;

2.3.2. 1-5-пункттарга ылайык документтер кыргыз же орус тилинде ЖАМУда билим берүүнү лицензиялоо ишмердигин жүргүзүүдө колдонулган атайын электрондук портал (мындан ары - лицензиялоо порталы) аркылуу билим берүү багытына лицензия алуу үчүн электрондук өтүнмө (мындан ары - өтүнмө) катары толтурулат, тиешелүү документтер жайгаштырылат. Өзгөчө учурларда 1-5 лицензиялык форманын кагаз түрүндөгү нускасы колдонулат. Өтүнмө катталган номери, билим берүү багытынын аталышы, өтүнмөнүн берилген күнү, өтүнмөнүн ээси жөнүндөгү маалыматтарды камтыган лицензиялоо порталындагы тизмеге жарыяланат. Ошондой эле өтүнмө кагаз түрүндө чыгарылып, арыз ээсинин колу коюлуп, документтердин түп нускасы Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүндө сакталат, атайын журналга катталат.

2.3.3. Билим берүү багыттарына лицензиялык талаптар билим берүү программаларынын билим берүү стандарттарында көрсөтүлгөн талаптар болуп эсептелинет. Билим берүү түзүмүнүн ал талаптарга шайкештиги университеттин лицензиялоо кеңеши тарабынан аныкталат.

2.3.4. Лицензиялануучу билим берүү программасына улуттук квалификациялардын алкагында (национальная рамка квалификации) катталган жана мамлекеттик билим берүү стандарты же ЖАМУда иштелип чыгарылып, бекитилген билим берүү стандарты болсо, анда лицензиялык талаптар аткарылгандыгы боюнча ЛКнин сунушунун, Окумуштуулар кеңешинин чечиминин, ректордун буйругунун негизинде мөөнөтсүз жана ээликтен ажыратылбаган лицензия берилет.

2.3.5. Лицензиялануучу билим берүү программасынын билим берүү стандарты жок болгон учурда ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген эксперименталдык окуу планынын, лицензиялык талаптар аткарылгандыгы боюнча ЛКнин бүтүмүнүн негизинде билим берүү багытынын стандарттык окуу мөөнөтүнө жараша (баштапкы кесиптик билим берүү, интернатура - 1 жылга, орто кесиптик билим берүү 1 жыл 10 айдан 3 жыл 10 айга чейин, бакалавр - 4 жылга (5 жылга), адистик – 5 жылга (6 жылга), магисртатура - 2 жылга (2 жыл 6 ай), медицина – 5 - 6 жылга) лицензия берилет. Лицензия берилгенден тартып билим берүү программасынын стандарттык окуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки жыл ичинде билим берүү стандарты, негизги/кесиптик билим берүү программасы иштелип чыгарылышы шарт. Мөөнөтүндө аталган документтер иштелип чыгарылбаса Лицензиялык кеңеш тарабынан лицензия мөөнөтүнөн мурда кайтарылып алынат.

**3. Лицензиялардын реестри**

3.1. ЖАМУда билим берүү багыттарына берилген лицензиялар ушул Жободо белгиленген тартипке ылайык ЖАМУда берилген лицензиялардын реестрине (мындан ары – реестр) киргизилет.

3.2. Реестр берилген лицензиялардын болушун, ошондой эле алардын укуктук статусун ырастаган бирден бир расмий булак болуп саналат.

3.3. Лицензиялоо түзүмү реестрди түзүү жана жүргүзүүнү кагаз жүзүндө жана ЖАМУнун атайын Санариптик реестр платформасыаркылуу электрондук түрдө жүргүзөт.

3.4. Реестрде төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

- Реестрдеги жазуунун номери
- Лицензиянын каттоо номери
- Билим берүү иши жүзөгө ашырылуучу дарек
- Билим берүү багытынын/ адистигинин шифри
- Билим берүү программасынын аталышы
- Окутуу формасы
- Лицензияны берүү негизи
- Лицензия берилген дата
- Лицензиянын бланкынын номери жана сериясы
- Лицензиянын колдонулушун мөөнөтү
- Дарегинин өзгөргөндүгү жөнүндө маалыматтар
- Дубликатты берүүнүн негизи жана датасы

**4.Жобону бекитүүнүн, өзгөртүүнүн жана жокко чыгаруунун тартиби**

4.1. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндөгү ушул Жобону кабыл алуу чечими университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат, ректордун буйругу менен бекитилет.

4.2. Зарылдыкка жараша өзгөртүүлөр, толуктоолор Окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет.

4.3. Жобонун мазмуну 30%дан ашык өзгөрсө, ал толугу менен жокко чыгарылат жана жаңы редакцияда кабыл алынат.

1-тиркеме
Форма

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад
мамлекеттик университети

АРЫЗ

________________________________________________________________
(түзүмдүк бөлүмдүн толук аталышы көрсөтүлөт)

берүү ишин жүзөгө ашырууга лицензия берүүнү өтүнөм.
Лицензиялоо үчүн билим берүү программалары (керектүүсүн көрсөтүү керек):
1. Жалпы билим берүү: ________________________________________________
(окутуу формасын көрсөтүү менен мектепке чейинки, башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы)
2. Кесиптик: _______________________________________________________
(башталгыч кесиптик, орто кесиптик, жогорку кесиптик)

Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусунун реквизиттери (медициналык кадрларды даярдоо боюнча программаларды ишке ашыруу үчүн): ________________________________________________________________

Диний уюмдардын (бирикмелердин) билим берүү ишине дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусунун реквизиттери:______________________________ ________________________________________________________________

Арыз ээсинин телефон номери жана электрондук почтасынын дареги: _____________________ ________________________________________________________________

Чыгуу номери ____________
Толтурулган дата: 20___-жылдын ___ _____________
М.О.
Жетекчинин аты-жөнү

________________________
(колу)

2-тиркеме
форма

**Билим берүү ишин материалдык-техникалык камсыздоо жөнүндө маалыматтар**

________________________________________________________________
(юридикалык жактын аталышы)

________________________________________________________________
(билим берүү программасынын шифри/коду жана аталышы)

| № | Жайгашкан дареги | Жалпы аянты ($м^2$) | Ээлик кылуу формасы | Техникалык паспортунун идентификациялык коду | Кыймылсыз мүлктүн менчик ээси | Жабдылган жайлардын, аймактардын, полигондордун жана жер участокторунун түрлөрү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |

*Эскертүү*: жабдылган жайлар - бул окуу класстарынын, аудиториялардын, кабинеттердин, бөлмөлөрдүн, лабораториялардын, лекция жайларынын жана башка залдардын түрлөрү.

Толтурулган дата: 20___-жылдын ___ _____________
М.О.
Жетекчинин аты-жөнү

________________________
(колу)

3-тиркеме
Форма

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын билим алуусу үчүн атайын шарттардын болушу жөнүндө маалыматтар**

______________________________________________
(юридикалык жактын аталышы)

______________________________________________
(билим берүү программасынын шифри/коду жана аталышы)

| № | Пандустардын, кармоочтордун, кеңейтилген эшиктердин, лифттердин болушу (барларын көрсөтүү керек) | Атайын (адаптацияланган) билим берүү программаларынын болушу (бар/жок) | Атайын окуу китептеринин, окуу куралдарынын жана дидактикалык материалдардын болушу (бар/жок) | Жамааттык жана жеке колдонулуучу атайын техникалык окутуу каражаттарынын болушу (барларын көрсөтүү керек) | Сурдо котормочулардын жана тифло-сурдо котормочулардын кызматтарын көрсөтүү мүмкүндүгү (бар/жок) | Башка атайын шарттар (кайсылар экенин көрсөтүү керек) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |

Толтурулган дата: 20___-жылдын ___ _____________
М.О.
Жетекчинин аты-жөнү
__________________________
(колу)

4-тиркеме
Форма

**Билим берүү ишинин кадрлар менен камсыздалышы жөнүндө маалыматтар**

______________________________________________
(юридикалык жактын аталышы)

______________________________________________
(билим берүү программасынын шифри/коду жана аталышы)

| № | Аты-жөнү | Циклдер/окуу жылдары боюнча окуу планынын (программасынын) сабактарынын аталышы | Билими (кайсы жожду аяктаган, адистиги жана квалификациясы, билими жөнүндө документтин реквизиттери) | Окумуштуулук даражасы жана окумуштуулук наамы | Иш стажы | | Эмгек шарттары (штат/айкалыштыруу), эмгек келишиминин реквизиттери/эмгек китепчесинин номери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Бардыгы | Педагогикалык | |
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | |

*Эскертүү:* ар бир билим берүү программасына өзүнчө таблица толтурулат.

Толтурулган дата: 20___-жылдын ___ _____________
М.О.
Жетекчинин аты-жөнү
__________________________
(колу)

5-тиркеме
Форма

**Билим берүү ишинин окуу-методикалык камсыздалышы жөнүндө маалыматтар**

______________________________________________________________________
(юридикалык жактын аталышы)

______________________________________________________________________
(билим берүү программасынын шифри/коду жана аталышы)

| № | Циклдер/окуу жылдары боюнча окуу планынын сабактарынын аталышы | Окутуу формалары жана колдонулуучу технологиялар | Окуучулардын саны | Окуу китептеринин саны | Катуу мукабадагы окуу китептеринин жана башка материалдардын реквизиттери (автору, аталышы, басылган жылы) | Электрондук окуу китептеринин жана электрондук материалдардын реквизиттери (шилтеме) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |

*Эскертүү:* Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына же окуу программасынын мазмунуна ылайык билим берүү программаларынын окуу китептери жана окуу-методикалык адабияттары.

Толтурулган дата: 20___-жылдын ___ _____________
М.О.
Жетекчинин аты-жөнү
________________________
(колу)

6-тиркеме
Форма

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад
мамлекеттик университети

______________________________________________________________________
(макулдашуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын толук аталышы көрсөтүлөт)
жүргүзүлгөн экспертизанын негизинде ________________________________________

______________________________________________________________________
(түзүмдүк бөлүмдүн/арыз ээсинин - толук аталышы көрсөтүлөт)
төмөнкү билим берүү программасын (керектүүсүн көрсөтүү керек) ишке ашыруу боюнча билим берүү ишине лицензия берүүгө каршы эмес/каршы экендигин билдирет:
- жалпы билим берүү:

______________________________________________________________________
(окутуу формасын көрсөтүү менен мектепке чейинки, башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы билим берүү программалары)
- кесиптик ___________________________________________________________
(окутуу формасын көрсөтүү менен башталгыч кесиптик, орто кесиптик, жогорку кесиптик билим берүү программалары)

| № | Шифр | Программанын аталышы | Кесиптик билим берүүнүн деңгээли | Окутуунун формасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |

Жетекчинин аты-жөнү
________________________
(колу)

7-тиркеме

**Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн**
**КОШУМЧА ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилер |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү | 60%дан кем эмес |
| | Педагогикалык кадрлардын квалификациялары | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 2 | Жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, полигондордун, аймактардын жана жер участокторунун болушу | Санитардык ченемдерге жана эрежелерге, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 3 | Окуу китептеринин жана окуу-методикалык материалдардын болушу | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 4 | Күндүзгү окуу формасындагы студенттердин санына карата сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасындагы студенттердин саны | 1:1 |

Эскертүү: студенттерди сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында окутууга күндүзгү окуу формасындагы студенттер болгон учурда гана уруксат берилет.

8-тиркеме

**Жогорку кесиптик билим берүү программаларын (бакалавр, адис) ишке ашыруу үчүн**
**КОШУМЧА ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилер |
|---|---|---|
| **1. Кадрдык потенциал** | | |
| 1 | Сабактар окумуштуулук даражалары же окумуштуулук наамдары бар окутуучулар тарабынан өткөрүлгөн сабактардын үлүшү.<br>Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин ылайык келиши | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 2 | Билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү | 60%дан кем эмес |
| 3 | Жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, полигондордун, аймактардын жана жер участокторунун болушу | Санитардык ченемдерге жана эрежелерге, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 4 | Окуу китептеринин жана окуу-методикалык материалдардын болушу | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 5 | Күндүзгү окуу формасындагы студенттердин санына карата сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасындагы студенттердин саны | 1:1 |

Эскертүү: студенттерди сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында окутууга күндүзгү окуу формасы болгон учурда гана уруксат берилет.

9-тиркеме

**Жогорку кесиптик (магистр), ЖОЖдон кийинки кесиптик жана ЖОЖдон кийинки медициналык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн**
**КОШУМЧА ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилер |
|---|---|---|
| 1 | ЖОЖдон кийинки медициналык кесиптик билим берүү (ординатура) билим берүү программаларынын окутуучуларынын жалпы санына окумуштуулук даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар окутуучулардын үлүшү | 20%дан кем эмес |
| 2 | Лекциялар докторлук же кандидаттык даражалары бар окутуучулар тарабынан окулган сабактардын үлүшү. Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин (магистр) ылайык келиши | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 3 | ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү (аспирантура, PhD) билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына окумуштуулук даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар окутуучулардын үлүшү. Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин ылайык келиши | 90%дан кем эмес |
| 4 | ЖОЖдон кийинки медициналык кесиптик билим берүү (ординатура) программалары боюнча иштегендердин жалпы санына штаттагы окутуучулардын үлүшү | 10%дан кем эмес |
| 5 | Окуу программасы боюнча окутуучуларынын жалпы санына (аспирантура, PhD) штаттагы окутуучулардын үлүшү | 50%дан кем эмес |
| 6 | Окуу программасынын (магистр) окутуучуларынын жалпы санына штаттык окутуучулардын үлүшү | 50%дан кем эмес |
| 7 | Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, аймактардын жана жер участокторунун болушу | Санитардык ченемдерге жана эрежелерге, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык |
| 8 | Окуу китептеринин жана окуу-методикалык материалдардын болушу | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына/окуу программалардын мазмунуна ылайык |
| 9 | Күндүзгү окуу формасындагы студенттердин санына карата сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасындагы студенттердин саны | 1:1 |

**Документтин үлгүсү**

| **Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ** | **ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ Б.ОСМОНОВА** |
|---|---|
| **ЛИЦЕНЗИЯ** | **ЛИЦЕНЗИЯ** |
| Каттоо номери № ___ 20___-жылдын "__" _______ | Регистрационный номер № ___ от "___" _____ 20 __ г. |
| Структуранын аталышы: ____________________ | Наименование структуры: ____________________ |
| Багыттын / адистиктин шифри жана аталышы ____________________ ____________________ | Шифр и наименование направления/специальности: ____________________ ____________________ |
| Лицензиянын колдонулуу мөөнөтү: ____________________ | Срок действия лицензии: ____________________ |
| Негизи: ____________________ ____________________ | Основание: ____________________ ____________________ |
| Жайгашкан жери: ____________________ ____________________ | Расположение: ____________________ ____________________ |
| ЖАМУнун ректору ____________________ | Ректор ЖАГУ: ____________________ |
| М.О. | М.П. |
| Лицензиянын сериялык номери: | Серийный номер лицензии: |
| Аныктыгын текшерүү: | Проверка подлинности: |
| Реестрге шилтеме QR code | Ссылка не реестр QR code |

Б.Осмонов атындагы ЖАМУда билим
берүү ишин лицензиялоонун тартиби
жөнүндө жобого
11-тиркеме

**Орто, жогорку, дипломдон кийинки, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн клиникалык базага**
**ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы |
|---|---|
| 1 | **Кабыл алуу бөлүмү:**<br>- каттоочу жай;<br>- отуруучу орундары бар күтүү залы (фойе);<br>- адистиктер боюнча жабдылган кароочу кабинет (терапевт, хирург, гинеколог, педиатр);<br>- жабдылган процедуралык кабинет;<br>- ооруларды аныктоо үчүн кабинет (эндоскопия, рентгенология, ЭКГ, УДИ) |
| 2 | **Адистиктер боюнча стационардык бөлүм (терапиялык, хирургиялык):**<br>- врачтар жана ординаторлор үчүн кабинеттер;<br>- кезметчи медайымдын посту;<br>- орто жана кенже медициналык персонал үчүн кабинеттер;<br>- процедуралык кабинеттер;<br>- кароо жана дарылоо процедураларын жүргүзүү үчүн хирургиялык кабинеттер<br>- оорулуулар үчүн палаталар (хирургиялык, терапиялык багыттагы);<br>- жабдууларды, инвентарды жана медициналык техниканы сактоо үчүн көмөкчү жайлар;<br>- тамак-аш үчүн жай;<br>- санитардык түйүн |
| 3 | **Операциялык блок:**<br>- видеокамера менен жабдылган операциялык блок (студенттер үчүн операциялык залдан |

| | |
|---|---|
| | тышкары операциянын жүрүшүнө байкоо жүргүзүү);<br>- медициналык персонал үчүн жана операция жасалуучу оорулуу үчүн операцияга чейинки бөлмө;<br>- инструменттерди иштетүү жана стерилдөө үчүн жай |
| 4 | **Реанимация бөлүмү:**<br>- жабдылган интенсивдүү терапия бөлмөлөрү;<br>- врачтар жана ординаторлор үчүн кабинеттер;<br>- кезметчи медайымдын посту;<br>- орто жана кенже медициналык кызматкерлер үчүн кабинеттер |
| 5 | **Профилдик багыттар боюнча лабораториялар:**<br>- лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн биологиялык материалдарды алуу бөлмөсү;<br>- анализ жүргүзүү бөлмөсү (атайын жабдуулар);<br>- биоматериалдарды сактоо бөлмөсү |
| 6 | Адистиктер (хирургия, терапия, акушердик жана гинекология, анестезиология, реанимация жана интенсивдүү терапия) боюнча окутууда практикалык билгичтиктин жана көндүмдөрдүн өнүгүүсүн калыптандыруу үчүн окуу симуляторлору менен жабдылган симуляция борбору |
| 7 | **Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Республикалык соттук-медициналык экспертиза борбору менен келишим** |
| 8 | **Стоматологдорду даярдоо үчүн клиникалык базага кошумча талаптар, төмөнкүлөрдүн болушу:**<br>- терапиялык, хирургиялык, ортодонтиялык жана ортопедиялык профилдеги бейтаптар менен иштөө үчүн стоматологиялык жабдуулар менен жабдылган стоматологиялык кабинеттердин;<br>- денталдык жана панорамалык сүрөттөр үчүн рентгенологиялык аппараттардын;<br>- бет-жаак хирургиясы бөлүмүнүн;<br>- тиш-техникалык лабораториянын |
| 9 | **Фармацевттерди даярдоо үчүн программаларды ишке ашырууга кошумча талаптар, төмөнкүлөрдүн болушу:**<br>- дары каражаттарын ички дарыканалык даярдоо үчүн бардык жабдуулар менен жабдылган фармацевтикалык технологиялар боюнча лабораториялардын;<br>- дары формаларынын бардык түрлөрүн өндүрүү үчүн өндүрүштүк же моделдик жабдуулары бар өнөр жай технологиясы боюнча лабораториялардын (эритмелерди, экстракттык препараттарды, таблеткаларды өндүрүү үчүн, дары өсүмдүк сырьесун майдалоо үчүн жабдуулар);<br>- виварийдин (дендрарий) |

Эскертүү: бардык жеке клиникалык мекемелердин медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программалары үчүн медицина ишине тиешелүү лицензиясы болууга тийиш.

Б.Осмонов атындагы ЖАМУда билим
берүү ишин лицензиялоонун тартиби
жөнүндө жобого
12-тиркеме

**Лицензиялык текшерүү барагы**

“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси” мекемесинин ____________________________________________________________ буйругунун

буйруктун жылы, айы, күнү жана номери

негизинде түзүлгөн төмөнкү курамдагы комиссия:

Төрагасы _____________________________________________________________________________

Аты-жөнү, кызматы

Мүчөлөрү:

1. ____________________________________________________________________________________

Аты-жөнү, кызматы

2. ____________________________________________________________________________________

Аты-жөнү, кызматы

билим берүү уюмунун ______________________________________________________

билим берүү программаларынын аталыштары (жогорку кесиптик, орто кесиптик башталгыч кесиптик, башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы, мектепке чейинки, кошумча)

программасынын лицензиялык талаптарга ылайык келүүсү боюнча лицензиялык текшерүү жүргүздү.

**Жалпы маалыматтар**

Билим берүү уюмунун аталышы ________________________________________________________

уюмдун толук жана кыскартылган аталышы (эгер болсо)

_____________________________________________________________________________________

укуктук формасы ______________________________________________________________________

Юридикалык дареги ____________________________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

Жайгашкан дареги _____________________________________________________________________

билим берүү иши жүзөгө ашырылып жаткан дарек

_____________________________________________________________________________________

Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери

_____________________________________________________________________________________

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери ______________________________________________

Каттоо күнү ___________________________________________________________________________

юридикалык жакты түзүү жөнүндө жазуу киргизилген дата

Уюмдун жетекчиси _____________________________________________________________________

аты-жөнү, телефон номери, электрондук почтасы

_____________________________________________________________________________________

Уюмдун уюмдаштыруучулары ____________________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

аты-жөнү толугу менен (эгерде юридикалык жак болсо юридикалык жактын толук аталышы)

_____________________________________________________________________________________

**Билим берүү уюмунун төмөнкү программалар боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн лицензиялык талаптарга ылайык келүүсү жөнүндө маалыматтар:**

*(керектүүсүн тандаңыз)

- Орто кесиптик билим берүү;
- Жогорку кесиптик билим берүү (бакалавр, адис);
- Жогорку кесиптик билим берүү (магистр);
- ЖОЖдон кийинки кесиптик жана ЖОЖдон кийинки медициналык билим берүү

| **Лицензиялык талаптар** | **Ылайык келүүсү** | **Эскертүүлөр (эгерде ылайык келбесе, кемчиликтер жазылышы керек)** |
|---|---|---|
| Билдирилген билим берүү программаларынын юридикалык жактын ишинин максаттарына жана түрлөрүнө ылайык келүүсү | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| Арыз ээсинин материалдык-техникалык базасынын билим берүү программаларынын (окуу формалары жана технологиялары боюнча) мазмунуна ылайык келүүсү | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| *саламаттык сактоо чөйрөсүндө орто, жогорку, дипломдон кийинки, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн ушул Жобонун 11-тиркемесине ылайык белгиленген минималдуу талаптардан төмөн эмес клиникалык базанын болушу | ______________________ бар/жок | |
| Билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон санитардык ченемдерге жана эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келүүчү жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, машыгуу аянтчаларынын, аймактардын жана жерлердин болушу | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| арыз ээсинин окуу-методикалык базасынын билим берүү программаларынын мазмунуна ылайык келиши | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| арыз ээсинде аралыктан окутуу технологияларын колдонуу тартибине жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн шарттардын болушу *мектепке чейинки билим берүүдөн тышкары | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| арызда көрсөтүлгөн билим берүү программалары боюнча педагогикалык кадрлардын квалификациясынын жана штаттык санынын билим берүү программасынын мазмунуна ылайык келүүсү | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| мамлекеттик стандарттарга ылайык бекитилген окуу пландарынын/программасынын мазмунуна ылайык бекитилген окутуу программаларынын болушу | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү окуучулардын билим алуусу үчүн атайын шарттардын болушу (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды окутууга мүмкүндүк бербеген окуучулардын ден соолугунун абалы боюнча конкреттүү талаптар каралган адистиктерден, даярдоо багыттарынан жана кесиптерден тышкары) | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| *дин иштери боюнча диний уюмдардын (бирикмелердин) билим берүү программасынын мазмунунда жана ишинде бир диндин башка динден артыкчылыгын пропагандалоо, диндерди сындоо, этностор аралык жана конфессионалдык аралык | ______________________ ылайык келет/келбейт | |

| | | |
|---|---|---|
| касташууга, радикализмге, экстремизмге чакыруу белгилеринин жоктугу | | |

_______________________________________________

билим берүү уюмунун аталышы

кошумча лицензиялык талаптардын аткарылышы төмөнкү көрсөткүчтөргө ээ экендиги аныкталды:

_______________________________________________

_______________________________________________

**Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн**
**КОШУМЧА ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Лицензиялык талаптар | | Ылайык келүүсү | Эскертүүлөр(эгерде ылайык келбесе, кемчиликтер жазылышы керек) |
|---|---|---|---|---|
| | **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **Ченемдик маанилер** | | |
| 1 | Билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү | 60%дан кем эмес | ____________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| | Педагогикалык кадрлардын квалификациялары | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык | ____________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 2 | Жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, полигондордун, аймактардын жана жер участокторунун болушу | Санитардык ченемдерге жана эрежелерге, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык | ____________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 3 | Окуу китептеринин жана окуу-методикалык материалдардын болушу | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык | ____________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 4 | Күндүзгү окуу формасындагы студенттердин санына карата сырттан жана күндүзгү-сырттан окуу формасындагы студенттердин саны(*) | 1:1 | ____________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |

Эскертүү: студенттерди сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында окутууга күндүзгү окуу формасындагы студенттер болгон учурда гана уруксат берилет.

**Жогорку кесиптик билим берүү программаларын (бакалавр, адис) ишке ашыруу үчүн**
**КОШУМЧА ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Лицензиялык талаптар | | Ылайык келүүсү | Эскертүүлөр (эгерде дал келбесе, кемчиликтер |
|---|---|---|---|---|
| | **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **Ченемдик маанилер** | | |

| | | | | жазылышы керек) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Лекциялар докторлук же кандидаттык даражалары бар окутуучулар тарабынан окулган сабактардын үлүшү. Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин ылайык келиши | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык | ___________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 2 | Билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү | 60%дан кем эмес | __________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 3 | Жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, полигондордун, аймактардын жана жер участокторунун болушу | Санитардык ченемдерге жана эрежелерге, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык | __________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 4 | Окуу китептеринин жана окуу-методикалык материалдардын болушу | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык | __________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 5 | Күндүзгү окуу формасындагы студенттердин санына карата сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасындагы студенттердин саны(*) | 1:1 | __________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |

Эскертүү: студенттерди сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында окутууга күндүзгү окуу формасы болгон учурда гана уруксат берилет.

**Жогорку кесиптик (магистр), ЖОЖдон кийинки кесиптик жана ЖОЖдон кийинки медициналык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн**
**КОШУМЧА ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Лицензиялык талаптар | | Ылайык келүүсү | Эскертүүлөр (эгерде дал келбесе, кемчиликтер жазылышы керек) |
|---|---|---|---|---|
| | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилер | | |
| 1 | Дипломдон кийинки медициналык кесиптик билим берүү (ординатура) билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына окумуштуулук даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар окутуучулардын үлүшү | 40%дан кем эмес | ___________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 2 | Лекциялар докторлук же кандидаттык даражалары бар | Мамлекеттик билим берүү | ____________________ талаптарга ылайык | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | окутуучулар тарабынан окулган сабактардын үлүшү. Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин ылайык келиши | стандарттарынын талаптарына ылайык | келет/келбейт | |
| 3 | Дипломдон кийинки жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасынын (аспирантура, PhD) окутуучулардын жалпы санына окумуштуулук даражасы жана/же окумуштуулук наамы бар окутуучулардын үлүшү. Окутуучулардын квалификациясынын жана базалык билиминин ылайык келиши | 90%дан кем эмес | ____________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 4 | ЖОЖдон кийинки медициналык кесиптик билим берүү (ординатура) билим берүү программасы боюнча иштегендердин жалпы санына штаттан тышкаркы окутуучулардын үлүшү | 10%дан кем эмес | ____________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 5 | Окуу программасындагы окутуучуларынын жалпы санына (аспирантура, PhD) штаттык окутуучулардын үлүшү | 50%дан кем эмес | ____________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 6 | Окуу программасындагы окутуучуларынын жалпы санына (магистр) штаттык окутуучулардын үлүшү | 60%дан кем эмес | ____________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 7 | Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдылган имараттардын, жайлардын, курулмалардын, аймактардын жана жер участокторунун болушу | Санитардык ченемдердин жана эрежелердин талаптарына/окуу программасынын мазмунуна ылайык | ____________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 8 | Окуу-методикалык материалдар менен камсыздалышы | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына/окуу программалардын мазмунуна ылайык | ____________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |
| 9 | Күндүзгү жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасындагы студенттердин саны(*) | 1:1 | ____________________ талаптарга ылайык келет/келбейт | |

Эскертүү: студенттерди сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында окутууга күндүзгү окуу формасындагы студенттер болгон учурда гана уруксат берилет.

**Орто, жогорку, дипломдон кийинки, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик медициналык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн клиникалык базага**
**ЛИЦЕНЗИЯЛЫК ТАЛАПТАР**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилер | Билим берүү уюмунун көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|---|
| 1 | **Кабыл алуу бөлүмү:**<br>- каттоочу жай;<br>- отуруучу орундары бар күтүү залы (фойе);<br>- адистиктер боюнча жабдылган кароочу кабинет (терапевт, хирург, гинеколог, педиатр);<br>- жабдылган процедуралык кабинет;<br>- ооруларды аныктоо үчүн кабинет (эндоскопия, рентгенология, ЭКГ, УДИ) | ______________<br>ылайык келет/келбейт | |
| 2 | **Адистиктер боюнча стационардык бөлүм (терапиялык, хирургиялык):**<br>- врачтар жана ординаторлор үчүн кабинеттер;<br>- кезметчи медайымдын посту;<br>- орто жана кенже медициналык персонал үчүн кабинеттер;<br>- процедуралык кабинеттер;<br>- кароо жана дарылоо процедураларын жүргүзүү үчүн хирургиялык кабинеттер;<br>- оорулуулар үчүн палаталар (хирургиялык, терапиялык багыттагы);<br>- жабдууларды, инвентарды жана медициналык техниканы сактоо үчүн көмөкчү жайлар;<br>- тамак-аш үчүн жай;<br>- санитардык түйүн | ______________<br>ылайык келет/келбейт | |
| 3 | **Операциялык блок:**<br>- видеокамера менен жабдылган операциялык блок (студенттер үчүн операциялык залдан тышкары операциянын жүрүшүнө байкоо жүргүзүү);<br>- медициналык персонал үчүн жана операция жасалуучу оорулуу үчүн операцияга чейинки бөлмө;<br>- инструменттерди иштетүү жана стерилдөө үчүн жай | ______________<br>ылайык келет/келбейт | |
| 4 | **Реанимация бөлүмү:**<br>- жабдылган интенсивдүү терапия бөлмөлөрү;<br>- врачтар жана ординаторлор үчүн кабинеттер;<br>- кезметчи медайымдын посту;<br>- орто жана кенже медициналык кызматкерлер үчүн кабинеттер | ______________<br>ылайык келет/келбейт | |
| 5 | **Профилдик багыттар боюнча лабораториялар:**<br>- лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн биологиялык материалдарды алуу бөлмөсү;<br>- анализ жүргүзүү бөлмөсү (атайын жабдуулар);<br>- биоматериалдарды сактоо бөлмөсү | ______________<br>ылайык келет/келбейт | |
| 6 | Адистиктер (хирургия, терапия, акушердик жана | ______________ | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | гинекология, анестезиология, реанимация жана интенсивдүү терапия) боюнча окутууда практикалык билгичтиктин жана көндүмдөрдүн өнүгүүсүн калыптандыруу үчүн окуу симуляторлору менен жабдылган симуляция борбору | ылайык келет/келбейт | |
| 7 | **Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Республикалык соттук-медициналык экспертиза борбору менен келишим** | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| **Стоматологдорду даярдоо үчүн клиникалык базага кошумча талаптар, төмөнкүлөрдүн болушу:** | | | |
| 8 | - терапиялык, хирургиялык, ортодонтиялык жана ортопедиялык профилдеги бейтаптар менен иштөө үчүн стоматологиялык жабдуулар менен жабдылган стоматологиялык кабинеттердин;<br>- денталдык жана панорамалык сүрөттөр үчүн рентгенологиялык аппараттардын;<br>- бет-жаак хирургиясы бөлүмүнүн;<br>- тиш-техникалык лабораториянын | ______________________ ылайык келет/келбейт | |
| **Фармацевттерди даярдоо боюнча клиникалык базага кошумча талаптар, төмөнкүлөрдүн болушу:** | | | |
| 9 | - дары каражаттарын ички дарыканалык даярдоо үчүн бардык жабдуулар менен жабдылган фармацевтикалык технологиялар боюнча лабораториялардын;<br>- дары формаларынын бардык түрлөрүн өндүрүү үчүн өндүрүштүк же моделдик жабдуулары бар өнөр жай технологиясы боюнча лабораториялардын (эритмелерди, экстракттык препараттарды, таблеткаларды өндүрүү үчүн, дары өсүмдүк сырьесун майдалоо үчүн жабдуулар);<br>- виварийдин (дендрарий) | ______________________ ылайык келет/келбейт | |

Эскертүү: бардык жеке клиникалык мекемелердин медициналык ишке тиешелүү лицензиясы болушу керек.

*Медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программалары үчүн.".

**Сунуштар**

1. ____________________________________________________________
2. ____________________________________________________________
3. ____________________________________________________________

**Корутунду**

______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Комиссиянын төрагасы ______________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү ________________________________________________
________________________________________________

Лицензиялык текшерүү барагы менен тааныштым

__________________________________________________________
Уюмдун жетекчисинин же өкүлүнүн аты-жөнү